DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

*Боркошев М.М., Жоошев А.К.*

# КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН СПОРТЧУЛАРЫНЫН СОЦИАЛДЫК АБАЛЫНЫН АНАЛИЗИ

*Боркошев М.М., Жоошев А.К.*

# АНАЛИЗ СОЦИАЛЬНОГО ПОЛОЖЕНИЯ СПОРТСМЕНОВ ГОРОДА КЫЗЫЛ-КЫЯ

*M.M. Borkoshev, A.K. Zhooshev*

# ANALYSIS OF THE SOCIAL STATUS OF ATHLETES CITIES OF KYZYL-KIYA

*УДК: 371.33*

*Кызыл-Кыя шаарынын спортчуларынын социалдык абалын анализдөө учурунда негизинен кайсы көйгөйлөргө көңүл буруш керектиги боюнча изилдөө жүргүздүк. Спортчулардын карьерасынын өнүктүрүүдөгү көйгөйлөр жана спорттогу ийгиликтерди жаратуу учурундагы спортчунун социалдык адаптация болуусун. Спорттук карьерасы бүткөндөн кийнки пайда болгон көйгөйлөрдү кантип жеңүүнүн этаптары жана коомдун социалдык адаптация учурундагы орду. Спротчунун карьерасынын аягындагы турмушунун татаалдыгы жана себептери берилди. Ошол татаал тоскоолдуктарды өтүүдөгү коомдун, машыктыруучунун, чогуу машыккан спортчулардын жана спорттук ветерандардын ишин изилдеп. Коомдо ийгиликтүү спортсмендердин орду жана жаштарга патриоттук тарбия берүүдө кантип пайдалануу керектиги жөнүндө изилдеп жаздык. Биздин илимий ишибиздин объекти болгон Кызыл-Кыя шаары жөнүндө жана шаардык социалдык объектилери жана жаштардын бош убактыларын пайдалануучу жайлар тууралуу, шаардагы калктын жана шаардагы жаштардын санын да билдирип анализ бердик.*

***Негизи сөздөр:*** *спорт, адаптация, социалдык абал, социалдык компетенция, шаар, социалдык анализ, спорттук карьера, социалдык көйгөйлөр.*

*В научной статье приводятся данные социального анализа положения молодёжи города. В статье написано в основном о том, на какие проблемы обратить внимание при анализе социального положения спортсменов города или других жилищных мотивов, о проблемах при развитии спортивной карьеры, спортивных достижениях и социальной адаптации, а также о преодолении трудностей после окончания спортивной карьеры, об этапах и роли общества во время социальной адаптации. Даны причины и трудности жизни после окончания спортивной карьеры. Также старались отметить о деятельности общества, тренера, друзей и спортивных ветеранов. Написали о том, как передается пример успешных спортсменов при воспитании молодого поколения в спорте. Старались полностью информировать о числе жителей и молодёжи занимающихся спортом, о социальном положении спортсменов и о местах где можно провести свободное время молодежи города, который является объектом нашего исследования.*

***Ключевые слова****: спорт, адаптация, социальное положение, социальная компетенция, город, социальный анализ, социальные проблемы, спортивная карьера.*

*This scientific article prorives data of social analysis of youth position in the town. In the scientific article mainly given about what problems to pay attention to while analyzing social position of sportsmen in the town or other housing motives about problems in the time of development of sports carrier, sports achievements and social adaptation about overcoming diffculties after finishing sports carrier, about stages and the role of the sociefy in a process of social adaptation. There given the reasons and difficulties of life after finishing sports carrier.we also tried to note about the activity off society, Trainers frends and sports veterans, We wrote about how the example of successful sportsmen transmitted in upringing of the young generation in sports. We tried comletely to inform about number of inhabitants and youth who go in for sports about sacial position and places where the youth of the town can spend their free time, which is the object of our research.*

***Key words:*** *sports, adaptation, social status, social competence, city, social analysis, social problems, sports career.*

Шаарлардагы спорт жана дене тарбия балдарды социалдык изилдөөлөрдүн объекти катары азыркы учурда терең изилдөөнү талап кылат. Учурда окумуштуулар үчүн шаардын жаштарын социалдык анализ жасоо маанилүү болуп окумуштууларды кызыктырып турат. Шаардагы жаштардын социалдык абалы, социалдык тарбиясы, социалдык компетенттүүлүгү ар түрдүү улуттар жашаган шаарда негизги көйгөй болуп жаткандыгы сыр эмес. Шаардагы жаштардын кылмыштык топторго, диний экстремисттик топторго кирүүсү, жаман адаттар менен алектенүүсү социалдык жактан терең изилдөөнү талап кылат. Ушундай эле изилдөөнү бизда Кызыл-Кыя шаарында жасап көрдүк.

Кызыл-Кыя шаарында 60 миңге жакын эл жашап

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



анын ичинен 30га жакын улуттун өкүлдөрү жашайт. Шаардын тарыхын жана шаарда жашаган элдердин мыкты инсандары жөнүндө, ошондой эле жергиликтүү элдин маданияты жөнүндө чоң көргөзмөлөр жайгашкан. Шаар шахтерлордун шаары болгондуктан шахтерлердун маданият үйү иш алып барат. 2016-жылы ишке кирген «Газпром» ден соолукту чыңдоочу борбор ачылып, спорттун бир канча түрлөрү боюнча жаштар машыгып, бош убактыларын ден соолуктарын чыңдоо жан спорттогу жогорку ийгиликтерди жаратуу үчүн пайдаланып жатат. Шаарды студенттердин шаарчасы десек да жаңылышпайбыз М: үч жогорку окуу жайы жайгашкан, төрт колледж, бир медициналык жана эки кесиптик лицей жайгашып шаардын айланасындагы айылдардан 5000ге жакын жаштар билим жана кесип алышып жатат.

Шардын жаштарынын арасында спорт менен машыгуу, өзүнүн тышкы келбетинине спорттук түр берүү, жана өздөрүнөн чон спортсмендерге окшоо көпчүлүк жаштарды спорт залдарына тартты.

Айта кете турган шаарда бокс боюнча, эрежесиз мушташ, күрөш, жана башка спорттун түрлөрүнөн дүйнөлүк чемпиондор чыккан. Дүйнөнүн чемпиондору азыркы учурда шаарда жашап жаштарды машыктырып тарбия берип келет. Чемпиондор шаардын жаштарына идеал катары жана ийгиликке жетүүнүн үлгүсү катары чоң түрткү берет.

Азыркы учурда шаардагы жаштар үчүн бош убактылары жакшы багытта пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүк чоң. Шаарда бир канча спорттук секциялар шаардын спорттук мектебине баш ийип толук кандуу эмгектенип турат жана жаштарга бош убактыларын мазмундуу пайдаланууга шарт тузуп жатат.

Биз шаардагы жаш спортчулардын социалдык абалын изилдеп жатканда «спорттук карьера», - деген терминге туш келебиз. Карьера дегенде ушул терминдин тескери маанисине көңүл бурабыз. Карьера жасоо дегенде - карьерист же амалды сүйгөн, амалга жетүү үчүн ар нерсеге даяр адамды элестетебиз. Бирок өзүнүн тандаган жумушунда башка жол менен да жогорку ийгиликтерге жетсе болот. Ал оор чын эмгек, такай өзүн өзү тарбиялап өстүрүп баруу, бийиктикти ниетке кылуу жана жетүү. Озун элге эмгек же болбосо спорттук ийгиликтер аркылуу таанытуу.

Социалдашуу – коомдогу маданиятты, моралдык баалулуктарды, өзүн алып жүрүү эрежелерин сактоо өздөштүрүү. Спортчу өзүнүн турмушунда турмуштагы эле эмес спорттогу дагы эрежелерди, жогорку моралдык тартипти сактоого тийиш. Ошондо гана чыныгы спортчу болот. Анын спорттук карьерасы дагы тура калыптанат жана туура багыт алат.

Н.Б. Стамбулова ар кандай карьерага мүнөздүү үч белгисин айткан.

а) тандаган спорту боюнча көп жылдык эмгек;

б) жогорку көрсөткүч;

в) тандаган спорту боюнча жеке сапаттар менен кошо жеке адамдык сапаттарын өнүктүр;

г) ушул жерде айтылгандай спорттук карьераны, жогорку көрсөткүчтөр үчүн көп жылдык спорт менен машыгуу, жеке сапаттар менен кошо жеке адамдык сапаттарын өнүктүрүү.

Спорттук карьераны өнүгүү этаптарын ар түрдүү мезгилдерге Б.Г. Ананьев төмөндөгүдөй мүнөздөгөн:

1. Спорттук даярдык
2. Старт. Карьеранын башталышы.
3. Карьеранын туу чокусуна жетүү.
4. Финиш, спорттук карьеранын аягы.

Спорттук карьераны мезгилдерин спорттук даярдыктын (этаптарына) баскычтарына окшотсо да болот.

1. Спортко алдын ала даярдоо.
2. Спортко адистешүү.
3. Тандаган спорт боюнча терең даярдык.
4. Спорттук өнүгүү, ага эмнелер кирет:

а) биринчи спорттук ийгиликтин пайда болушу;

в) оптималдуу мүмкүнчүлүктүн пайда болушу;

г) спорттук ийгиликтерди сактоо.

Спорттук карьераны терең анализдегенден кийин карьеранын өсүүдөгү жети кризистин пайда болушун аныктадык.

1. Спорттук карьеранын адистешүүнүн алдындагы.
2. Спорттук терең адистештирүү алдындагы.
3. Жалпы спорттон спорттук жогорку көрсөткүчтөргө өтүүдөгү.
4. Өспүрүмдөрдөн жогорку жаштагы спортсмендердин катарына өтүүдөгү.
5. Спорту сүйүүчүлөрдөн терең кесиптешүүгө өтүүдөгү.
6. Спорттук көрсөткүчтөрдүн туу чокусуна жетүүдөгү.
7. Спорттук карьеранын бүтүшү жана башка кесипке өтүүдөгү.

Бул кризистерди аныктоонун мааниси төмөнкүдө. Спортсмен менен машыктыруучулар ушул кризистин келип чыгышын алдын ала аныктай билиши спортсмендердин спорттук көрсөткүчтөрүнүн төмөндөшүн же спортсмендердин спортту таштап кетүү себептеринин пайда болушун алдын алат. Спортсмендердин уюшкан кылмыштык топторго кошулуп кетишин алдын алып тарбиялык иштерди жүргүзөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Спортсмендердин социалдык абалынын татаалдашын машыктыруучулар эле эмес ата энелер да чоң салымын кошушу зарыл.

Эми спортко келген баланын же кыздын спорттун кайсы түрүн тандоодо ата-энелердин тандоосунун негизинде болот. Спортко ата-эне жетелеп келип тапшырат. Келген жаш өспүрүмдүн кайсы спортко жөндөмдүүлүгү жөнүндө ата-эненин билими жетишпейт. Спротсмендердин спорттук карьерасы бүткөндөн кийинки ден-соолугунун абалы, жаңы бир кесипти ээлеп эмгектенип кетиши, жылдыз болуп жүрүп жаңы бир кесипти ээлеп жатканда үйрөнчүк абалга түшүп калышы спортсмендин психологиясында стресс абалды пайда кылат. Ушул жерде спорттук карьерасы бүткөн адам үчүн ар түрдүү кылмыштуу топтор, диний террордук топтор, түрдүү жаман адаттар кучагын жайып турат. Шаарды эң коркунучтуу жери, адамдар жакын жайгашкан үйлөрдө жашагандары менен ошол эле учурда бири-бирин таанybагандыкта. Айыл аксакалы деген, элге уят деген кыргыздын салттарынын жоктугунда.

Шарда кошунасын да тааныбаган кездер кездешет. Спортчу оор абалга түшкөндө ага кол сунуп өзүнүн акыл-эсин айткан аксакал да кошуна да табылбай калат.

Спортчунун спортту таштагандан кийин социалдык адаптация учурунда жеңил болбойт. Бардык эле спортчулар өзүнүн жолун оной таппай биз бул учурду татаалдыгына жараша, төмөнкүдөй кырдаалдарга бөлдүк:

– күтүүсүздөн спорттон кетүү;

– социалдык адаптацияга даяр эместиги;

– спортсмендин пассивдүү көз карашы;

– материалдык, психологиялык көмөктүн жоктугу;

Биздин илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй, спортсмендин социалдык адаптациясы спортчунун жараткан ийгиликтерине жараша да болот. Чоң ийгиликтерди жараткан спортсмендер адаптация болушу татаал болот. Спортсмен карьерасы бүткөндөн кийин күнүмдүк турмушунун дагы тизмеги өзгөрөт.

– мелдештерде катышуу, машыгуунун жоктугу;

– тренердин, врачтын, спорттук клубдун көзөмөлүнүн токтошу;

– спорттук клубдагы спортсмендердин жана тренер менен байланыштын үзүлүшү;

– жашоодогу максаттын жок болушу, же максатты табуунун татаалдыгы;

– спорттогу билимине караганда кесиби боюнча билимдин аздыгы психологиялык стресс жаратат;

– матералдык кирешенин төмөндөп кетиши;

Ушул абалды жеңил өтүшү үчүн спортсмен акырындап этаптар менен спорттон кетүүсүн камсыз кылуу зарыл.

Спортчуларды жаштайынан машыгуу учурунда кошумча адистик алууга түрткү берүү зарыл. Спортчулардык ветерандарынын коомун түзүү. Ветеран спортчуларга жардам берүүчү фонддорду түзүү. Спортчуларды пенсия менен камсыздоо. Ветеран спортчулардын акыл насаатынан жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо кеңири пайдалануу. Ветеран спортчулардын жаш өспүрүмдөр менен жолугушууларын уюштуруп, сергек турмушту үгүттөө шаардагы өспүрүмдөрдү спорт менен машыгууга түрткү берет. Дени сак адамдын эталону болгон спортчунун мүнөзүн балдар үчүн идеал тутуусу, өспүрүмдөрдүн чоң ийгиликтерди жаратуусуна патриоттук, моралдык сезимдердин пайда болуусуна алып келет.

**Адабияттар:**


1. Апциаури Л.Х. Спорт как социальное явление и фактор социализации личности/ Л. Апциаури // Теория и практика физ. культуры. - 2003. - №1. - С. 12-14.
2. Брехт Б. Кризис спорта / Б.Брехт // Логос. - №5. - 2013. - С. 213-216.
3. Государев Н. А. Так становятся чемпионами. - М., 1989.
4. Колчина М.С., Епифанова М.Г. «Строительство» личности при помощи спорта. // ScienceTime. - 2015. - №3(15).
5. Котова О.В. Спортивные праздники как средство социальной интеграции лиц с ограниченными возможностями // Известия РГПУ им. А.И. Герцена. - 2008. - №86. - С.81-84.
6. Самыгин С., Самыгин П., Попов М. Спорт как институт социализации современной российской молодежи. // Гуманитарные, социально-экономические и общественные науки. - 2015. - №1. - С.76-82.
7. Славко А. Социокультурные особенности физкультурно-спортивной деятельности/ Славко // Аналитика культурологии. - 2011. - №21. - С.73-76.
8. Стамбулова Н.Б. Кризисы спортивной карьеры. // Теория и практика физической культуры. - 1997. - №10.
9. Филин В.П. Теория и методика юношеского спорта. - М., 1987.
10. Юдин О.А. Спорт в системе социализации личности: теоретический анализ. // Вестник ПАГС. 2007. - №12. -
11. Юдина А.И. Формирование культуры здорового образа жизни в аспекте: от народных традиций к современному состоянию // МНКО, 2013 - №4(41). - С. 215-218.